Кыргыз таануу жаатында дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө канчалаган окумуштуулар эмгектенип келишет. Алардын бири – макалабызда сөз кылмакчы болгон инсан, белгилүү түрколог, Кытай Борбордук улуттар (Минзу) университетинин профессору, Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун ардактуу академиги, III даражадагы Манас орденинин лаурияты Мухаммед Ху Чжэнхуа. Дээрлик жарым кылымдан ашуун убактан бери

кыргыз таанууга, анын ичинде кыргыз тилин изилдөөгө кошкон салымы тууралуу учкай сөз козгоо – улуу окумуштуунун учурдагы шакирти болгон ушул саптардын автору үчүн парз десек да жаңылышпайбыз.

Профессор Мухаммед Ху Чжэнхуа 1931-жылы КЭРдин Шандоң вилайетинде дүйнөгө келген. 1953-жылы Кытай Борбордук улуттар (Минзу) институтун бүтүп, аталган институтта жумушка орнолошкон ошол мезгилден баштап түркология, дунган таануу жааттарында, билим берүү тармагында да, илимий изилдөө тармагында да кужүрмөндүк менен иштеп келет. Төмөндө белгилүү окумуштуунун кыргыз тили изилдөөсүнө кошкон салымы тууралуу илимий коомчулукка учкай тааныштырууну көздөдүк. Профессор Мухаммед Ху Чжэнхуанын кыргыз тилин изилдөө жаатында төмөнкүдөй бир канча багыттагы салымдарын көрүүгө болот:

**Диалетология, терминология багыттарында.** Мухаммед Ху Чжэнхуа КЭРдин жаңы куруу мезгилинде, атап айтканда өткөн кылымдын 50-жылдарында Бээжинде советтик белгилүү түрколог, лингвисттер Э. Тенишев катарлуулардан лингвистика, түркология жаатындагы өз учурунун эң алдынкы базалык билимдерин өздөштүрүп, түрк тилдүү калктардан огуз, кыпчак, карлук тил топторуна таандык тилдердин бир канчасын жана орус тилдерин ийгерген соң, 1953-1957-жж. аралыгында мамалекеттин сунушу боюнча Кытайдын ШУАРдагы кыргыз аймактарын – Теңир тоонун күнгөй-тескейи жана Памир тоолорун аралап, кыргыз тилине бир канча жолу текшерүү алып барат. 1953-1954-жж. алгачкы текшерүүлөрүндө Мухаммед Ху Чжэнхуа Текес, Улуу-Чат, Ак-Чий, Артыш сыяктуу оодан жана шаарларларга караштуу кыргыздардын арасында тил текшерет. Экинчи жолку текшерүү 1955-жылдын май айынан аугусть айына чейин болот. Анда окумуштуу кыргыз тилинин Кытайдагы жана Советтик Кыргызстандагы абалына салыштырып иизлдөө жүргүзөт. Текшерүү жана талдоо учурунда негизинен терминдерге жана неологиздерге басым жасалат. Мунун натыйжасында кытайлык кыргыздардын терминологиясын калыптандырууга үлкөн салым кошулат. Графика жаңы гана түзүлүп, сабаттуу жазууга калкты гана эмес, басма сөз булактарын да далалаттандыруу, жетектөө, өзгөчө, терминдерди калыпташтыруу учурунун зарыл талабы болуп турган андай абалда Мухаммед Ху Чжэнхуанын иши өз майнабын көрсөтөт. Үчүнчү жолу 1956-жылы июнь айынан 1957-жылы июнь айына чейин болот. Жалпы 8 адамдан турган текшерүүчү топ Мухаммед Ху Чжэнхуанын жетекчилигинде Түндүк Шинжаңдагы Текес, Шаты, Монголкүрө, Түштүк Шинжаңдагы Ак-Чий, Улуу-Чат, Ак-Тоо сыяктуу оодандарда жашаган кыргыздардын говорлорун текшерет. Текшерүүнүн жыйынтыгында, профессор Мухаммед Ху Чжэнхуа ШУАРдагы кыргыздардын кыргыз тилин колдонуу абалы жана говорлорун өзгөчөлүктөрү туралуу тереңдей түшүнүүнүн негизинде, социолингвистикалык, антрополингвистикалык, этнолингвистикалык теорияларга сүйөнүп, ШУАРда кыргыз тили, Кызыл дайрасын чек кылып, түндүк жана түштүк диалект деген эки чоң диалектке бөлүнөрү тууралуу илимий тыянакты ортого коёт жана мындай тыянак илим чөйрөсү жагынан бирдей кабыл алынат. [1]

**Фонетика, графика, орфография жааттарында.** 1954-жылы июль айында кытайлык кыргыздардын графикасынын (арапча) долбоорун түзүү боюнча уюшулган комиссиянын талкуусуна катышып, талкуулоо жана текшерүүлөрдүн негизинде жогорку бийликке баяндама жасап, графиканын өзгөчөлүктөрүн кабардар кылат. Графиканын соңку долбоорлорунда Мухаммед Ху Чжэнхуа кезинде Ташкендеги Орто Азия мамлекеттик университетинен билим алган жергиликтүү кыргыз окумуштуу Абдыкадыр Токторов менен биргеликте, жоон жана ичке үндүүлөрдөн турган "о", "у", "ө", "ү" тыбыштарга өзүнчө бирден тамга белгилөө сунушун берет. Эскерте кетсек, аталган төрт тыбыш чагатай тилинде, ал тургай кыргыздын чыгаан окумуштуусу И. Арабай уулу 1911-жылы түзгөн алипбесинде да эки гана тамга менен белгиленип, аларды ажыратып окуу бир муун ичинде келген үнсүздөрдүн мүнөзүнө же кошумча белгилердин жардамына сүйөнүү менен гана ишке ашкан (азыр кытайлык казактар да ушундай орфографиялык эрежелер менен келатышат). Бул адамдар үчүн бир топ оор болгон. Кытайлык кыргыздардын графикасынын долбоору расмий түрдө түзүлүп жаткан ошол

учурда, жаш окумуштуулардын сунушу мына жогоркудай орфографиялык оорчулуктардан арылуунун жолун табат.

Графикалык маселелер жөнгө салынгандан кийин, анын орфографиясын иштеп чыгуу ишине белсене катышкандан тышкары, профессор Мухаммед Ху Чжэнхуа кытайлык кыргыздардын алгачкы басма сөз каражаттарынын бири «Кызыл-Суу гезитин» чыгаруу, кыргыз тилиндеги радио негиздөө сыяктуу сунуштарды жогорку бийлик өкүлдөрүнө улам айтып, жеткирип турганы менен да кыргыз тилинин басма сөз жаатында өнүгүшүнө салым кошо алган.

ШУАРдын аймагында жашаган кыргыздардан өзгөчөлөнгөн Фуйү кыргыздарынын тилин иликтөөдө да окумуштуунун эмгеги өзгөчө. Ал Фуйү кыргыздарынын тилин изилдөөгө 1959-жылдан тарта ат салган. Алгачында ал активдүү лексикасын жазып алууга аракет кылып, хакас тилинин лексикасы менен салыштырууга кызыккан. Жаш окумуштуунун күжүрмөндүгү ошол кезде белгилүү түрколог Э. Тенишевдин да көңүлүн буруп, татыктуу баасына арзыган. 1980-жылдан кийин профессор Ху Чжэнхуа Фуйүдө атайын тил текшерүүдө болуп, куржуну толо тилдик материалдарды жыйнап, алардын негизинде илимий эмгектерин, текшерүү баяндамаларын жарыялаган [2, с 65-69]. Дагы башка бир топ илимий  булактарда Фуйү кыргыздары жана алардын тили тууралуу илимий макалаларды жарыялган Мухаммед Ху Чжэнхуа мындай деген тыянакка келген:“ 1. Фуйү кыргыздарынын тили ШУАР жана Борбордук Азиядагы кыргыз тилинин диалекти же говору болбостон, хакас тилине жакын тил болуп эсептелет; 2. Фуйү кыргыздарынын тили алар Эне-Сай (Енисей) бойлорунан көчүп келгенден кийин, жергиликтүү калктардын тилинин таасирине учураган; 3. Фуйү кыргыздарынын тили байыркы кыргыз тилинин өзгөчөлүгүн сактаган, мунун илимий кунары өтө бийик, тилекке каршы учурда ал тилде сүйлөгөн адамдардын саны өтө сейрек, өлүү тилдердин катарына кирүү коркунучунда, куткарууга аракет кылуу керек.” Окумуштуунун бул көз караштары дүйнөлүк илим жаатынын көңүлүн бурган жана бир топ таасир козгогон [3].

**Лексикография, грамматика жаатта-рында.** Өткөн кылымдын 50-жылдарынын соңу, 60-жылдарынын башында профессор Мухаммед Ху Чжэнхуа кытайлык кыргыз жазуучу Сакен Өмүр менен чогуу 12 миң сөздөн турган «Кыргызча-кытайча сөздүк» түзүшкөн, андан тышкарыкезиндеги тайпалаштары менен чогуу башка дагы кыргыз, кытай, уйгур тилдери боюнча салыштырма сөздүктрдүн алгачкы нускаларын иштеп чыгышкан. Тилекке каршы, ал сөздүктөр расмий түрдө жарык көрбөй, 1986-жылга келгенде гана «Ханзуча-кыргызча чакан сөздүк» аталышта (кытайлык кыргыз окумуштуу А. Абдырасул менен биргелешип түзгөн) Кызыл-Суу кыргыз басмасынан жарык көргөн. Бул кытайлык кыргыздардын лексикография тарыхындагы эң алгачкы котормо тилдүү сөздүк болуп эсептелет [4, 37]. Мына ушул саптардын автору да бала кезинде кытай тилин өздөштүрүүдө, ошол сөздүктөн ырааттуу пайдаланганын, бүгүнкү деңгээлге жетишине ал сөздүктүн өтө чоң өбөлгөсү тийгенин айта кетмекчи. Чындыгында ал сөздүк, эки муун үчүн ырааттуу үлгүлүү курал китеп болуп берди деп айтсак жаңылышпайбыз.

Кыргызстандык алгачкы синологдордун бири, профессор А. Саспаевдин түзүүсүндөгү 55 миңге жакын сөз камтылган «Кытайча-кыргызча сөздүккө» профессор Мухаммед Ху Чжэнхуа рецензент болгонун да эске сала кетели [5].

1986-жылы Бээжинде жарык көргөн «Кыргыз тилинен кыскача баян» аталыштагы монографиясы профессор Хунун кыргыз тилин фонетикалык, лексикалык, морфологиялык, грамматикалык, диалектологиялык жактардан комплекстүү иликтеген эмгек болуп эсептелет. Кытайда кыргыз тилин иликтөө, үйрөнүү жаатында бул эмгектин мааниси чоң.

Кыргыз тилинин тарыхы жана аны окутуу жааттарында. Окумуштуунун 2006-жылы Бээжинде жарык көргөн «Кыргыз тил-маданиятын изилдөө» эмгегин кытайлык абройлуу түркологдор байыркы жана азаркы кыргыз тилин изилдөөдө бараандуу салымы бар эмгек деп эсептешкен [6].

Профессор Ху Чжэнхуанын кыргыз тилин окутуу жаатында да олуттуу салымы бар экенин эске салып, бул жааттагы эмгектерин тааныштырабыз.

Макалабыздын башталышында белгилеп өткндөй, өткөн кылымдын 50-жылдарынан тарта окумуштуу Бээжиндеги Борбордук улуттар университетинде кыргыз тилин окутуу боюнча да түйшүктүү эмгектенип келет. Мына ушул жарты кылымдан көбүрөөк убакытта Ху агай өзүнүн илимдеги кужүрмөндүгү, педагогдук касиетинин мыктылыгы менен кыргыз тилин окутууда салымын кошкон кытайдагы саналуу гана профессорлордун сап башында туруп келди. Кытайда кыргыз тилин изилдеген, кыргыз тилинен сабак берген кытай тилдүү окумуштуулардын баардыгы дээрлик профессор Мухаммед Ху Чжэнхуанын түлөктөрү болуп эсептелет. Демек, Ху профессорду Кытайдагы академиялык кыргыз тили билим берүүсүнүн байтереги десек жаңылышпайбыз. 1957-жылы Кытай Борбордук улуттар институтунда Кыргыз филологиясы адистигинин ачылышынын баш-кашында болгон инсан катары профессор Ху Чжэнхуанын азыр аты белгилүү. Кийинче ал адистик кыскартылып, бириктирилип кеткен болсо да, 2002-жылы профессордун жагымдуу сунушун эске алып, ошол эле университетте Орус жана Борбордук Азия тилдери факультети негизделген [6, с .82]. Анын курамында Кыргыз тили адистиги да бар.

Ху Чжэенхуа агай мыкты педагок катары да кытайлык жана башка чет өлкөлүк ар улуттан болгон магистранттарга, докторанттарга кыргыз тилинен сабак берип келген. Азыр да бул жумушун улантууда. Мындан тышкары, Ху профессор кыргыз тилин окутуу жаатында да бир канча окуулуктардын автору. 1995-жылы кыргыз тилин үйрөнүүчүлөргө арналган «Кыргыз тили окуулугу» аталыштагы китеби Бээжинде жарык көргөн (аталган китеп 2017-жылы толуктап кайра басылган). Ал эми белгилүү түркolog Гуй Имарт менен биргелешип, 1997-жылы АКШдагы Индиана университетинин басмасынан «A Kirghiz Reader» (Кыргыз тили окуулугу) аталыштагы окуу китебин жарык көрсөткөн. Мына булар бардыгы профессор Ху Чжэнхуанын кыргыз тилин окутуу, жайылтуу иштерине кошкон салымы олуттуу экенин көрсөтөт. Профессор Мухаммед Ху Чжэнхуа өзүнүн кыргыз элине, тилине болгон сүйүүсүн, урматын «Жайлоо – мен үчүн университет, чабандар – менин мугалимим» деген сөзү аркылуу билдирип жүрөт. Профессордун мына ушул сөзүндө ал кыргыз тилин кантип өздөштүргөнү даана чагылдырып турат. 1999-жылы профессор Ху Чжэнхуага «Кыргыз тилине өзгөчө салым кошуучу» сыйлыгы да жөн жерденыйгарылбаса керек.

Айтмакчы, улуу муундардын эмгегин эскерип, алардын жолун ждоп, изин жаңыртып, заманыбыздын көчүн улоо – ар бир жарандын ыйык милдети деп эсептеqбиз. Профессор Ху Чжэенхуанын кыргыз тили үчүн кошкон салымын эскерип отуруп учкай жазылган бул макаланын соңунда агайга бекем ден соолук, үй-бүлөлүк бакыт каалар элек. Ошону менен бирге, кыргыз «аккан арыктан суу агат» демекчи, агайдын изин басып, кыргыз тилин изилдөөнүн ар кайсы апекттеринен дагы да болсо мыкты шакирттеричыгат деген чоң ишенимибиз бар.

**Колдонулган адабияттар**


1. Түз.: Ху Чжэнхуа. Улуттардын маданиятын изилдөө. Кытай Борбордук улуттар университетинин басмасы, 2006.
2. Ху Чжэнхуа. Фуйү кыргздары жана алардын тилдик өзгөчөлүктөрү. Кытай Борбордук улуттар университетинин жарчысы, №2.1983.
3. Баш. түз.:Жаң Диңжиң. Кытайдагы улуттук азчылыктардын тили, маданияты боюнча изилдөөлөр. Кытай Борбордук улуттар университети басмасы, 2012.
4. Абдылбары уулу Д. Кытайлык кыргыздардын лексикографиясынын чоо-жайы тууралуу. Кыргыз тили жана адабияты, №31.2018.
5. Чын Зоңжын. Кытай тилинен которгон Абдылбары уулу Д. Кыргыз тил-маданиятын чар тараптуу иликтеген эмгек, Кыргыз тили \\ № 9 (235), 2018-жыл 20-сентябрь.
6. Миао Доңшиа. Бул санда – профессор Ху Чжэнхуа. Тил жана котормо. 2011 (03).

**УДК: 372.32:39**

**Абдымомунова Гүльжамыш Асековна**
Ж.Баласагын атындагы КУУ, доценти
**Абдымомунова Гүльжамыш Асековна**
КНУ им. Ж.Баласагына, доцент
**Abdymomunova Guljamysh Asekovna**
KNU named after J.Balasagyn, Associate professor

# АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КООМДУК-САЯСИЙ КЫРДААЛ ЖАНА АЯЛДАРДЫН ОРДУ, РОЛУ

# РОЛЬ И МЕСТО ЖЕНЩИН В СОВРЕМЕННОЙ ПОЛИТИКО-СОЦИОЛОГИЧЕСКОЙ СИТУАЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

# MODERN POLITICAL AND SOCIOLOGICAL SITUATIONS IN KYRGYZSTAN AND THE ROLE OF WOMEN

***Аннотациясы:*** *Илимий макалада Кыргызстандагы миграциялык, гендердик, саясий-экономикалык шарт аялзатынын, ден-соолугунун солгундашына, терс жолдорго түшүп кетишине, укуктарынын корголбой калышына жана кризистик абалдарга келишине өбөлгө түзгөндүгү каралды. Кыздарыбыздын үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка кабылышы, энелердин балдары менен жалгыз калышы, интеллектуалдык ресурстан алыстап калышы, үй-бүлөлүк абалды туура эмес пландаштырышы аялдардын жабыркашына алып келээри жыйынтыкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *Аялзаты, интеллектуалдуулук, коом, заман, кризис, миграция, гендерлик, лидер, кадр, ден-соолук.*

***Аннотация:*** *В научной статье рассматриваются миграционные, гендерные, семейные, политико-экономические положения в Кыргызстане и роль женщины в нем. В связи с неблагоприятными условиями у нас в стране кыргызские женщины мигрируют в зарубежные страны. Вследствие этого они сталкиваются с критическими ситуациями. С течением времени такие обстоятельства приводят к нездоровому образу жизни, преступности и к кризисному положению. Были сделаны выводы о том, что становление матерью одиночки, отстраненность от интеллектуальных способностей, неправильное планирование семьи отрицательно влияет на прогресс и развитие государства.*

***Ключевые слова:*** *Женщины, интеллектуальность, общество, мир, кризис, миграция, гендерное неравенство, развитие, кадр, здоровье.*

***Abstract:*** *The scientific article deals with the migration, gender, family, political and economic situation in Kyrgyzstan and the role of women in it. Due to the unfavorable conditions in our country, the Kyrgyz women migrate to foreign countries. As a result, they face critical situations. Over time, such circumstances lead to unhealthy lifestyles, crime and a crisis situation. It was concluded that becoming a single mother, detachment from intellectual abilities, improper family planning adversely affects the progress and development of the state.*

***Key words:*** *Women, intellectuality, society, peace, crisis, migration, gender inequality, development, frame, health.*

Байыртадан эле аялзаты коомдогу улуу күч, замандын жаратманы болуп келген. Кыргыз элинде Курманжан Датка, Кыз Сайкал, Жаңыл–Мырза сыяктуу улуттун сыймыгына ээ болуп келген энелерибиз азыркыга чейин кыздарыбызга таасир берип, алдыга үндөйт. Башка элдерге караганда кыргыздардын кыз-келиндерине, аялдарына карата ата-бабадан бери аяр, сый

мамиле жасашкан. Кыргыз коомунда аялдарга жогорудагыдай мамиленин болушу, алардын өз алдынчалуулугу, өз заманындагы, жөндөмү менен белгилүү инсандарды жаратканы айкын. Мына ошондой аялзатынын даңкын чыгарган айтылуу Курманжан датка кыргыз элине акылдуулугу, айкөлдүгү, адептүүлүгү, тапкычтыгы, кайрымдуулугу, чыдамдуулугу, сабырдуулугу жана башкаруучулук жөндөмдүүлүгү менен белгилүү. Ш.Эгембердиева аялзаты тууралуу оюн мындайча билдирген: "Аял – бул балдарын мээримге бөлөп өстүргөн эне, үй-бүлөнүн очогун өчүрбөй сактап келген жар, жаны тынбай эмгектенген чарбакер, Мекенди коргоого, мамлекеттин өнүгүүсүнө, эркектер менен тең тайлаша салым кошкон патриот инсан. Азыркы учурда мамлекеттин өнүгүүсүнө салым кошууда, анын ичинен жаш муунга тарбия берүүдө да аялдардын орду чоң. Мектепте балдарга билим берип эле тим болбостон, баланын табитин таап, көңүлүн алып келечектин пайдубалын курууда да орду чоң деп эсептейм» [2].

Кыргызстандагы "Эмгек" партиясынын жетекчиси М.Жумагулова "Кыргыз аялдары эзелтеден эле үйдүн куту, шам чырагына теңелип, татыктуу сый-урматка бөлөнүп келген. Бул да бекеринен эмес, апаларыбыз көчмөн элдин урпактары катары, үй-бүлөсү менен ойдон тоого, жайлоодон ойго кайсы учур болбосун кам-кешиги жайланып, бешиги беленделип, журт менен бирге жүргөн. Элибиз не деген апааттарды башынан өткөрүп, акыры эгемендүүлүккө ээ болушкан. Айымдардын аткарган иш-аракеттери эгемендүүлүктүн алкагында өтө зор баскычтарга келип жетти. Себеби, социалдык маселелерди тиешелүү органдарга жеткирүүнү колго алган уюмдардын жетекчилиги бүтүндөй айымдардан турат. Билим берүү системасына жаңылануулары алып келүүгө, кошумча билимдин зарылчылыгын белгилеп, терең билим алууга ынтызарлангандар да айымдар. Коомдогу жат көрүнүштөрдү калк арасында тартынбай чындыкты талашкандар алар да айымдар. Ар бир аялзат үй-бүлөсүнүн бакубатчылыгынын камсыздалышын, балдарга татыктуу тарбия берүүнү ойлойт"- деп аялдын ардактуу ордун белгилеген [1]. Билим берүү тармагынын өкүлү Д.Кендирбаева: "Коомду аялдарсыз элестетүү мүмкүн эмес. Аялдар жаратман, куруучу, жүк көтөргөн, коомдун тарбиячысы катары келе жатат. Аялзат — стратег. Ал эртеңкини жана муктаждыкты көрө билет. Маселен, кышка канча варенье жасаш керек, аны канча үй-бүлөгө бөлүштүрүп берем, же болбосо балама эртеңки күнү кандай бут кийим алсам болот, аны бир жыл же эки жыл кийеби деп эртеңкисине чейин ой жүгүртө билет. Аялдар ар дайым жумуш жок деп өпкө кагып отурбайт. Керек болсо мамлекеттик кызматтан кеткенден кийин дагы ага эки түбөлүктүү жумуш даяр турат. Ал жакшы эне жана жароокер жар деген миссияны аткарат. Кыргызстанды өнүктүрүүгө багытталган социалдык, экономикалык программалардын аткаруучулары, ички дүң продукциясында иштеп жаткандар да аялдар. Фабрика, заводдордун жоктугу кризистик кырдаалда эркектердин жүктү көтөрө албастыгын, ишке даяр эместигин далилдеп койду. 25 жылдан бери аял, эне жүктү солк этпей көтөрүп келе жатат" – деп аялзатынын түйшүктүү тагдырын баса белгилейт [3].

Элүү жылда эл өзгөрөт, жетимиш жылда жер өзгөрөт дегендей, жылдан-жылга коомубуз ааламдашууга, глобализацияга ыктоодо. Экономикалык, социалдык шарттарга байланыштуу калктын көпчүлүк бөлүгү, алардын ичинде аялдар миграцияга тушугушуп, психологиялык, физиологиялык, моралдык жактан запкы көрүп калган учурлар жашообузда байма-бай кездешүүдө. Буга кошумча аял менен эркектин ортосундагы гендердик теңдиктин идеялары али күнгө чейин коомдук аң-сезимдин бир бөлүгү боло алган жок, тескерисинче, диний таасирдин, консерватизм жана салтчылдыктын күчөшү менен коомдо бул идеялар жана принциптер барган сайын күмөн саноого дуушар болууда. Саясат талдоочу А.Мусабаева учурдагы актуалдуу маселе катары "Адеп-ахлактык баалуулуктардын бузулушуна жана билим менен руханий маданияттын төмөндөшүнө байланыштуу, адамдарга гендердик теңчилдик чет мамлекеттик түшүнүк жана биздин маданият менен менталитетке каршы келет деген сезим туудуруу оңой болуп кетти. Ошондой болсо да, саясий бийлик, таасир кылуунун күчтүү ресурстарына, анын ичинде мыйзам кабыл алуу жана күч кол-

донуу монополиясына ээ болуп жатып, бүткүл коомдун жашоосун көзөмөлгө алууда. Калктын жарымын түзгөн аялдарды саясий кодулоо алардын чечим чыгаруу процессине катышпоосун шарттайт жана аялдардын өзүлөрүнүн жашоосундагы гана маселелерин, көптөгөн проблемасын жана кызыкчылыктарын чечүүдөн четтетпестен бүтүн коомдун да түйшүгүн чечүүдөн четтетет. Кыргызстандагы гендердик теңдик чечим кабыл алуу деңгээлинде иштейби? Аялдардын мамлекеттик жогорку органдарда иштегендиги аялдардын өлкөдөгү абалын жакшыртып жатабы?" – деген суроого жооп издейт. Публицист Нарын Айып: "Аялдардын орду башкалар сыяктуу эле – эркектер, балдар, карылардыкындай – татыктуу болуш керек. Эркектерге караганда аялдардыкы өйдө, же тескерисинче, эркектердики өйдө болбош керек. Латвиянын Президенти Вайра Вике-Фрейберга журналисттер менен бир жолукканда: «Аял кишиге президент болуу канчалык кыйын?», – деген суроого: «Аялдар эмне, адам эмес бекен?», – деп жооп берген. Коомдо эч кандай кемсинтүү болбогон учурда – ар башка улуттар, эркектер менен аялдар, ден соолугу начарлар менен байлар же кедейлер – ошондо гана чыныгы өнүгүү менен ынтымак орнойт" – деп гендерлик теңчилик болгон учурда гана коом өнүгөөрүн айткан [4].

Албетте, жогорудагы айтылган ой-пикирлер жалпы жолунан алганда реалдуу жана жагымдуу. Тилекке каршы, тагдырдан өз ордун таба албай, өз наристесине кыянатчылык жасаган, ичкиликтин артынан кубалаган, көз боемоочулукка барган, бирөөнүн мүлкүнө кол салып, шылуунчулук менен алектенген, балдарынын жоопкерчилигинен качып, ара жолго таштап кеткен аялдар да турмушта көбүрөөк кездешип жатат. Радио, телеберүүлөрдөн, коомдук каражаттардан күн сайын үрөй учурган окуяларды көрүп, угуп зээниң кейибей койбойт. "Шамаал болбосо, чөптүн башы кыймылдабайт" – дегендей, ар кандай кырдаалдын өзүнүн объективдүү жана субъективдүү себептери болот.

1. Кээде жада калса аялдар тарабынан прогрессивдүү мыйзам деп атай албаган, тескерисинче анын аты менен, аялдардын укугун коргоонун жана таламын талашуунун ордуна, аялдардын укуктуулугун басынткан мыйзамдарды демилгелегендер болду. Парламент деген күчтүү жерден туруп алып, көптөгөн аял-депутаттар аялдардын шартын жакшыртуу боюнча иштегендин ордуна эмне менен гана алектенишкен жок [1].

2. Азыркы парламентте аял-депутаттардын саны бир топ эле болгонуна карабастан, аларды жакшы жана сапаттуу иш жасап жатат деп болбойт, ал эми мамлекеттеги гендердик теңсиздиктин азаюусуна кандай таасир берип жатат, айтып отуруунун деле кажети жок. Биздин азыркы учурдагы саясий системанын кемчиликтери адилеттүү саясий атаандаштыктын жетекчилигинде келүүгө мүмкүнчүлүк бербейт, алар коом алдында бараандуу эмгеги үчүн, адистик, лидердик, интеллектуалдык жана инсандык артыкчылыктары бар болгондугу үчүн келбей эле. Өкүнүчтүүсү, байлыгы, таанышы жок эле, дарамети күчтүү, акыл-эси тетик, лидер аялдарды (эркектерди деле) бийликке алып келүү (меритократиялык) жолунун жок болгондугу аялдардын абалын бекемдебейт, тескерисинче, чоң саясаттагы гендердик баланстын идеясынын кадырын кетирип жатат [2].

3. Аялдардын саясатка келүүсү үчүн акчасы, дөөлөтү, тааныштыгы ж.б. карабай, лидерлигине, колунан иш келгендигине, талантына (меритократиялык) жараша сүрөмөлөөнүн реалдуу механизми иштелип чыкмайынча олуттуу өзгөрүүнү күтүү болбогон нерсе.

4. Кыргызстандагы саясий-экономикалык шарт аялзатынын миграцияга кабылышына, ден-соолугунун солгундашына, терс жолдорго түшүп кетишине, укуктарынын корголбой калышына жана кризистик абалдарга келишине өбөлгө түзүүдө.

5. Учурда жалпы эле коомчулук, ошондой эле кыздарыбыз илим-билимден алыстап, китеп окубай, күнүмдүк тиричилик менен алектенип, интеллектуалдык ресурска маани бербеген учурлар да кездешип, сабатсыздыкка жол берип койгон кырдаалдар да өз кедергисин тийгизүүдө.

6. Үй-бүлөдөгү жубайы тараптан бол-

гон зордук - зомбулуктар, монополиялык башкаруулар аялзатынын психологиясынын бузулушуна, туура эмес чечимдердин кабыл алышына алып келүүдө.

Жогорудагы белгиленген бир топ себептерди чечүү албетте, оңой-олтоң иш эмес, бир нече убакыттарды талап кылаары айтпаса да белгилүү. Эркек менен аял эки куштун канатындай. Бир канаты менен куш алыска уча албайт. Кыргызстандагы коом эненин кучагындай мемиреген бейпилдикти, жылуулукту, токчулукту, комфорттуу жагдайды көксөп турган мезгил.

Аял үйдүн куту" деп бекеринен айтылбаса керек. Кыргыздын каада-салттары, моралдык жүрүм-турум эрежелери да өз убагында аялдардын коомдогу ордун так белгилеп, ар дайым аны сактап келишет. Көчмөн кыргыз эли аялдардын коомдогу ордун кылымдардан бери ооздон-оозго өтүп сакталып, элибиздин адабий, маданий мурастары катары калыптанып калган дастандарда, эпостордо, элдик чыгармаларда колдонуп келе жатышат. Ал чыгармаларда аялзатынын даанышмандыгы, кара кылды как жарган калыстыгы, тапкычтыгы, айлакерлиги даңазаланган. Кыргыз элинде аялзаты ар дайым урматталып, үй-бүлөдө жана коомдо татыктуу орун ээлеп келген. Аларга эне, жубай катары ар дайым аяр мамиле жасалып, сый-урмат көргөзүлгөн.

**Адабияттар:**

1. Мусабаева А. Кыргызстандагы гендердик теңчилик: көз боемоочулуктагы ийгилик. Де Факто. №30.2015
2. Эгембердиева Ш. Де Факто. №30.2015
3. http://www.azattyk.kg
4. http://www.super.kg
5. http://patent.kg/news/2010/03/10/tursunbaeva
6. http://www.presskg.com/obon/09/0310_3.htm

**УДК: 338.45**

**Абдыров Т. Ш.**
ОИӨК «Кыргызстан эл аралык университети»
**Абдыров Т. Ш.**
УНПК «Международный университет Кыргызстана»
**Abdyrov T. Sh.**
ERPC «International University of Kyrgyzstan»

**Досмаганбетов Н. С.**
Бишкек финансы-экономикалык академиясы
**Досмаганбетов Н. С.**
Бишкекская финансово-экономическая академия
**Dosmaganbetov N. S.**
Bishkek Academy of Finance and Economics
Тел. **+7701 451 02 07**
E-mail: dosmnurlan@yandex.ru

# КАЗАКСТАН ЭКОНОМИКАСЫНДАГЫ КЛАСТЕРЛЕРДИН ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ТАЖРЫЙБАСЫН КУРУЛУШ МАТЕРИАЛДАРЫН ӨНДҮРҮҮ МИСАЛЫНДА КОЛДОНУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# ОСОБЕННОСТИ ПРИМЕНЕНИЯ ЗАРУБЕЖНОГО ОПЫТА РАЗВИТИЯ КЛАСТЕРОВ В ЭКОНОМИКЕ КАЗАХСТАНА НА ПРИМЕРЕ ПРОИЗВОДСТВА СТРОИТЕЛЬНЫХ МАТЕРИАЛОВ

# FEATURES OF APPLICATION OF FOREIGN EXPERIENCE OF DEVELOPMENT OF CLUSTERS IN ECONOMY OF KAZAKHSTAN ON THE EXAMPLE OF PRODUCTION OF CONSTRUCTION MATERIALS

---

***Аннотациясы:*** *Макалада чет өлкөлөрдүн курулуш материалдарын өндүрүү чөйрөсүндө кластерди өнүктүрүү маселеси каралат. Негизги максаты изилдөө жана аныктоо, ошондой эле, кластердин ар түрдүү моделдеринин анын ичинде, чет өлкөлөрдүн курулуш индустриясынын же батыш европа, түндүкамерика жана азия аймактарындагыдай территориялык кластерлердин өзгөчөлүктөрүн жана артыкчылыктарын анализ кылуу. Казакстан экономикасынынын курулуш материалдарын өндүрүү чөйрөсүндө чет элдик тажрыйбанын системасын киргизүү проблемасы аныкталат.*

***Негизги сөздөр:*** *Кластерлер; курулуш кластери; түз чет элдик инвестициялар; кластердин моделдери; территориялык өндүрүш комплекстери.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются вопросы развития кластеров в сфере производства строительных материалов зарубежных стран. Главной целью является определение и исследование, а также анализ особенностей, преимуществ и недостатков различных моделей кластеров, в том числе кластеров строительной индустрии зарубежных стран или территориальных, таких как западноевропейских, североамериканских и азиатских регионов. Также выявляются проблемы внедрения зарубежных опытов системы кластеров в сфере производства строительных материалов в казахстанскую экономику.*

***Ключевые слова:*** *Кластеры; строительный кластер; прямые иностранные инвестиции; модели кластеров; территориальные производственные комплексы.*

***Abstract:*** *The article deals with the development of clusters in the production of building materials of foreign countries. The main objective is to identify and study, as well as analyze the features, advantages and disadvantages of different cluster models, including clusters of the construction industry of foreign countries or territorial, such as Western European, North American and Asian regions. The problems of introduction of foreign experiments of the cluster system in the sphere of production of construction materials in the Kazakhstan economy are also revealed.*

***Key words:*** *Clusters; construction cluster; foreign direct investment; cluster models; territorial production complexes.*

---

Кластер мамлекеттин өнүгүүсүн экономиканын өнүгүүсү аркылуу маанилүү ролду камсыз кылат жана территорияны уюштурууда жаңы тармактык ресуртарды мобилизациялоого мүмкүндүк берип, экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүү базасы боло алат. Дүйнөдө кластердин активдүү өүнүгүүсү ишкердик ишмердүүлүгүнүн инновациялык эффективдүү багыттары болуп саналат. Ишкердикти өнүктүрүүнүн кластердик концепциясы корпоративдик структура менен аймактардын инвестициялык, ортомчулук, илими, окуу, коомдук уюмдарынын өз ара аракеттенүүсүнө негизделет. Кластердик концепциянын маңызы европалык кызматташыкты өнүктүрүү үчүн негиз болуп саналган экономикалык теориянын аймактарды бириктирүүчү потенциалын ишке ашыруу менен негизделет.

Бүгүнкү күндө үч «борборду» (аймак) бөлүп көрсөтүүгө болот, атап айтканда: Түндүкамерика, Батыш европа жана Азия аймактары.

Мындай дүйнөлүк аймактык типологиялык кластердик система төмөнкү факторлор менен шартталат:

1) узак мезгил ичинде обочолонтуп өнүктүрүү;

2) кластердик мамиленин негизинде экономиканы өнүктүрүү салтына жетишерлик туруштук бере алган өзгөчөлүгү;

3) тигил же бул стратегиялык маанилүү жаратылыш ресурстары менен камсыз кылуудагы айырмачылыгы;

4) өнөр жай структурасынын тармактарынын айырмачылыгы;

5) улуттук (аймактык) рыноктун ар түрдүү сыйымдуулугу;

6) мамлекетти түзүүдө саясий факторлордун ролу [1].

Дүйнөнүн ар түрдүү өлкөлөрүндө институционалдык өзгөчөлүктүн негизинде инновациялык кластердин уюштуруунун бир нече моделин бөлүп көрсөтүүгө болот. Алардын ар бири кластердин алты маанилүү мүнөздөмөсүнүн аныкталган айкалышын алып жүрөт: интернационалдаштыруу, байланыш жана атаандаштык рыноктук даражасы, фирм-лидерлер, түздөн-түз чет элдик инвестициялар (ТЧИ) менен бирге кичи бизнести, инновацияны өнүктүрүү.

Ар бир моделди толугураак карап чыгабыз.

1. Түндүкамерика моделинин өзгөчөлүгү. Түндүкамерика моделинин өзгөчөлүгү кластерди өнүктүрүүнүн негзиги фактору болуп саналган бирдей деңгээлдеги компаниялардын ортосундагы жогорку атаандаштыктын болушу менен негизделет. Кластердин компаниялар арасындагы атаандаштыгы өндүрүш процессинин, менеджмент системасынын, сатуу ж.б. эффективдүүлүгүн жогорулатууга багытталган инновацияга түрткү берет. Ошондой эле, эмгек рыногунда жогорку квалификациялуу жана билимдүү жумушчу күчтөр үчүн атаандаштык болот. Жумушчу күчтөр мобилдик болуп саналат жана компаниялар бири-биринин кадрларын кызыктырып өзүнө тартууну ишке ашырат.

Мындан тышкары, ишкердик активдүүлүктүн деңгээли жогору (кызматкерлер компаниядан кетишет жана ошол эле тармактагы ишмердүүлүктү ишке ашырган өзүлөрүнүн фирмаларын түзүшөт). Жыйынтыгында кластерди өнүктүрүү инновацияга караганда анчалык мааниге ээ эмес болгон өзүнүн атаандаштарынын технологиясын көчүрүп алуу болуп турат. Компаниялардын ортосундагы мындай тажрыйба жана идеялардын болушу мындан аркы инновация менен байланыштуу.

Компаниянын көлөмүнө жараша майда жана орточо болгон кластерлер үчүн вертикалдуу интеграция мүнөздүү. Бул кайрадан

эле атаандаштык жөндөмдүүлүгүн күчөтүү, өндүрүш процессинин этаптарын бир компанияга чогултуунун натыйжасында жана масштабдан үнөмдөөнүн пайда болушу менен байланыштуу.

Америкалык модель кластердин ар түрдүү структурасын талап кылат. Бул бир же бир нече ири фирмалары жана жеткирүүчүлөрдүн кеңири тармагы болгон "пирамида" болушу мүмкүн. Бул майда фирмалардын иерархиясы туюнтулбаган жыйындысы болушу мүмкүн. Эгерде өндүрүштүк процесс ишканалар менен тыгыз байланышты каалабаса америкалык моделди колдонуу жөндүү. Башкысы продукт – кластердеги жеткирүүчүлөрдүн ортосундагы атаандаштыктын эсебинен ошондой эле, башкы фирманын массалык өндүрүшүнүн эсебинен жеткирилген өздүк наркынын төмөндүгү [2].

2. Өндүрүштүк кластерди уюштуруунун фин модели кластер бизнестин жана инновациянын интернационалдашкан жогорку деңгээлин ээлегендиги менен мүнөздөлөт. Финляндияда экономикалык процессти башкаруунун кластердин мамилеси биринчи жолу 1991-1993-жж. өлкөнүн өндүрүштүк саясатын иштеп чыгуу үчүн колдонулган, андан кийин популярдуулукка ээ болгон. 1995-жылы Финляндияда кластердин проблематика боюнча атайын изилдөөнүн отчеттору жарыяланган. Финляндиянын өзгөчөлүктөрү болуп ички рынокто өз алдынча туруктуу суроо-талапка ээ болбогон кичи экономика саналат. Ошондуктан, Финляндиянын кластерлери башынан эле экспортко багытталган. Финляндияда кластер түзүүнүн эң негизгиси өбөлгөсү болуп өндүрүш факторлору үчүн шарттар, эң башкысы жогорку квалификациялуу жумушчу күч саналган.

Финляндиянын экономикасы жалпысынан экспортко багытталган, тактап айтканда, кластердин ичиндеги фирмалар башка ири фирмалар менен дүйнөлүк рынокто атаандашууга туура келет. Ушуга байланыштуу, экономика кластерлери жалаң эле улуттук болуп саналбайт. Кластерлер ичинде же коңшу-өлкөлөрдүн компаниялары менен байланыш болот (мисалы Швеция жана башка Балтика өлкөлөрү), же мындай байланышты издөө жана ишке ашыруу чаралары кабыл алынат.

Финляндиянын экономикасы жаратылыш ресуртарынын олуттуу запастары камтыбагандыктан, Финляндиянын экономикалык өсүүнүн негизги кыймылы жана кластерлештирүү инновациянын жогорку деңгээли болуп саналат. Инновация кеңири өнүккөн билим берүү секторунун натыйжасында ишке ашыралат (бул дагы мамлекеттик саясаттын эффективдүү жыйынтыгы болуп саналат).

Фин экономикасы үчүн кластерлештирүүнү жогорку деңгээли мүнөздүү, башкача айтканда, кошулган баа менен негизги көлөмдү түзгөн бардык негизги тармактар кластерлештирилген. Ошондой эле, кластер арасында кооперациянын жогорку деңгэлин белгилөөгө болот: мисалы, көбүрөөк өнүккөн кластер (экономиканын экспортунун негизи) болуп талаа (бак иштеп чыгаруучу) кластери саналат, ал үчүн колдоого алынуучу тармактар болуп өз учурунда кластерленген машина куруу жана химиялык өндүрүш болуп саналат.

Финляндиянын экономикасын изилдөө институтунун адистери тарабынан кластерди түзүү процессине байланышкан жол-жоболорду аткаруунун базасында 9 тармак сунушталган. Бул тармактардын катарына талаа өнүдүрүшү, информатика жана телекоммуникация, металлургия, энергетика, бизнес-кызмат чөйрөсү, саламаттык сактоо, машина куруу, тамак-аш тармагы жана курулуш кирет. Бардык анализденген кластерлер үч топко бөлүндү: "күчтүү кластер" категориясы, "туруктуу кластер" категориясы, "потенциалдуу кластер" категориясы. Биринчи категорияга талаа кластери жана маалыматтык, телекоммуникациялык технологиялар кирди. Бул категориядагы кластер үчүн негизги да, жардамчы да өндүрүш катары тең салмактуулуктун жакшы өнүгүшү, жогорку ички атаандаштык, дүйнөлүк деңгээлдеги инновациялык потенциал, биргелешкен долбоор жана тармак аралык уюмдардын иштеринин алкагында интенсивдүү ички кластердик өз ара аракеттенүү мүнөздүү. Жогорку атаандаштык жөндөмдүүлүгүн тастыктоо менен кластердик бирикме 0,5% дүйнөлүк талаа ресурстарынын запастарына ээ болуу менен кызмат кылары далилденген, Финляндия бак-даракты кайра иштетүү продукциясын дүйнөлүк экспортко чыгарууда 10% ашыгын камсыз кылат, анын

ичинде дүйнөлүк экспорттун 25% сапаттуу кагаздар. Финдляндиянын телекоммуникация продукция рыногунда да үлүшү жогору: мобилдик байланыш үчүн жабдуулар рынокту 30% жакын жана 40% рынокту мобилдик телефондор атаандаштык жөндөмдүүлүгү эң жогорку деңгээлде камсыз кылат. Энергетикалык, металлургиялык жана машина куруу киргизилген туруктуу кластерлер бардык кластерлердин элементтеринин позитивдүү динамикасын көрсөтөт, бирок, алгомерациядан ишенимдүү пайданы алуу үчүн зарыл болгон деңгээлге жетише элек. Машина куруу кластери кластерлердин өз ара аралашуу үлгүсүн көрсөтө алат. Аны адистештирүүнүн негизи талаа өндүрүшү, энергетика, металлургия жана курулуш тармагы үчүн жабдууларды өндүрүү болуп саналат. Бирок, адистештирилген машина курууну интенсивдүү өнүгүшү көптөгөн жеткирүүчүлөрү, сервис жана инженерия компаниялардын, изилдөө жана инновациялык борборлордун түзүлүүсүнө алып келди. Ошентип, Финдляндия – целлюлоздук-кагаз өндүрүү үчүн жабдууларды өндүрүүдө лидерлик кылат: целлюлозду өндүрүү үчүн дүйнөлүк рыноктун 40% жана кагаз жабдуулары рыноктун 30% кармайт. Потенциалдуу кластерлер – бизнес-кызмат көрсөтүү, саламаттык сактоо – кластердин структурасынын бирдей эмес өнүгүүсүн мүнөздөйт. Көмүскө кластерлер (азык-түлүк жана курулуш) Valio, Fazer, Skanska, Kone – ийгиликтүү компанияларды бириктирсе дагы, бирок жалпысынан толук кандуу кластердик структурадан алыс жана анын калыптануу процесси жетишерлик жай жүрөт.

Азыркы учурда талаа, ошондой эле, маалыматтык жана телекоммуникациялык кластерлер экспорттун негизги көлөмүн камсыз кылат жана Финдляндия экономикасы үчүн маанилүү болуп саналган өлкөнүн ички дүң продукциясынын (ИДП) олуттуу бөлүгүн түзөт. Ошентип, табигый ресурстары тартыш болгон анча чоң эмес өлкөлөр үчүн фин модели көбүрөөк даражада колдонууга ыңгайлуу. Мындай өлкөлөрдүн экономикасы башынан эле илимий изилдөө жана иштелмелерди иштеп чыккан күчтүү сектордун, ошондой эле, өнүккөн билим берүү системасынын колдоосу менен экспортко багытталган [3].

3. Өндүрүш кластеринин япон моделин уюштуруу төмөнкүдөй: кластерде өндүрүштү жогорку масштабда ээлеген фирма-лидери болот жана ар түрдүү стадияда технологиялык чынжырча менен жеткирүүчүлөрдүн ири санын интеграциялайт. Өндүрүш кластериндеги “Япон моделинин” негизги өзгөчөлүгү масштабдан ички үнөмдөөнү ишке ашырган жана чет элдик жаңы технологияларды которууну тапкан ири компаниянын жетектөөчү ролу болуп саналат. “Япон модели” эң эле толук формада «Toyota Motor Co» (TMC) компаниянын өндүрүштүк уюштуруусун чагылдырат.

Японияда автомобилдик кластер түзүүнүн өбөлгөлөрү:

– Ишкердик идеялардын болушу (ал мезгилде Японияда өздүк автоуннаа бизнеси болгон эмес);

– Текстиль өндүрүш технлогияларынын болушу, түзүлгөн баштапкы капиталдан сатуудан түшкөн каражаттар;

– АКШ тараптан арзаныраак продукцияга болгон суроо-талаптар (Америка-Корея согушу, 50-жылдары), анын натыйжасындагы инвестиция агымы;

– Активдүү мамлекеттик колдоо.

ТМС тарыхы түздөн-түз машина куруу инновациялык идеялары менен көрсөтүлгөн – мисалы, үнөмдүү автоунааларды – бардык өндүрүш ишмердүүлүк элементтерди куроо. Бизнести уюштуруунун принциптери “кайдзен” методикасы менен мүнөздөлөт, ал компаниянын ишмердүүлүгүн ар дайым бардык багыттарын кайра куруу жана жакшыртууну өркүндөтөт.

Япониянын автоунаа кластеринин өз ара аракеттенүү структурасы төмөнкүдөй: Компания-лидери акыркы продуктту өндүрөт жана компоненттерге суороо-талапты түзөт. Бул башка чоң эмес фирма-жеткирүүчүлөргө жашоо берет. Башкы компаниянын жектирүүчүлөрү “пирамида” принциби менен уюштурулган. Бир нече деңгээлдер бөлүп көрсөтүлөт: биринчи деңгээлдеги жеткирүүчүлөр, экинчи деңгээлдеги ж.б. Башкы фирма түздөн-түз саны чектелген биринчи деңгээлдеги жеткирүүчүлөр менен гана аракеттенет (негизинен 300 жакын). Экинчи деңээлде компаниялардын саны 5000 чейин, үчүнчү деңгээлде 20000 чейин көбөйөт.

Ошентип, “япон модели” технологиялык татаал продукцияны өндүрүү үчүн көбүрөөк деңгээлде колдонууга ыңгайлуу. Продуктту иштеп чыгуу фирмаларда жогорку көлөмдө сатууда гана актай ала турган жогорку дайымкы коромжуну талап кылат. Өндүрүш процесси технологиялык чынжырчанын алкагында чоң көлөмдөгү байланыш менен мүнөздөлөт. Башкы фирма чынжырчаны бириктирет жана бардык өз алдынча өндүрүүчүлөрдү “интеграциялоону” ишке ашырат [4].

4. Индиялык кластер моделинин жалпы мүнөздөмөсү. Индиялык модели япон модели менен көп жагынан окшош келет: кластер пирамида формасына ээ. Пирамиданын чокусунда бир (NCR автоунаа кластери) же бир нече (Indore дарыкана кластери) компания турушу мүмкүн. Индиялык модель, алгач технологияларга ээ эмес, дүйнөлүк рынокто ишмердик жүргүзүүгө тажрыйбасы, баштапкы инвестицияларды жүргүзүү үчүн капиталы жок, бирок бир кыйла арзан жана жетүүгө оңой ресурстарга (арзан жумушчу күч, өндүрүштүк жана жаратылыш ресурстары) ээ экономикага колдонууга ыңгайлуу. Индиялык моделде кластерлердин баштапкы өнүгүшү түз чет өлкөлүк инвестициялардын жана активдүү мамлекеттик колдоонун эсебинен жүргөн. Индияда өндүрүштүк чынжырчада кубаттуу лидер-компанияларды түзүү жана өнүктүрүү үчүн өздүк капитал жетишсиз болгон. Бирок аталган өлкө арзан өндүрүштүк ресурстардын эсебинен жогорку инвестициялык жагымдуулукка ээ болгон. Өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп, жогорку жана төмөн квалификациялуу жумушчу күчтүн болушу саналган.

Мындай өңүттө, Индияда кластерлер алгач чет өлкөлүк компаниялардын негизинде өнүгө баштаган, алар мамлекеттин активдүү колдоосу менен өндүрүштүк чынжырчада негизги звено болуп калышкан. Алар, көбүрөөк жогорку технологиялык өндүрүш менен иштешкен, ал учурда индиялык чакан компаниялар алар үчүн чийки затты (аралык продуктуну) жеткирүүчүлөр болуп саналышкан. ТЧИ өзүнө тарткан факторлордун бири болуп, жергиликтүү калктын англис тилин жакшы билүүсү саналган. Индиялык моделде негизги ролду мамлекет ойнойт. Өлкөдө жогору өнүккөн өндүрүш секторунун жоктугуна байланыштуу мамлекет анын активдүү өнүгүшү үчүн бардык шарттарды түзгөн.

Кластерлерди түзүүгө багытталган мамлекеттик саясат төмөндөгүдөй факторлор менен мүнөздөлөт:

– федералдык бийликтер тарабынан импортко катуу чектөө коюу;

– технопарктарды түзүү;

– өкмөттө өндүрүштүк сектордун кызыкчылыктарын сүрөмөлөө (лобирлөө);

– аймактар арасында жогорку алымдарды белгилөө (бир аймакта бир тармактын бардык өндүрүүчүлөрүнүн концентрациясына алып келген);

– компаниялардын өздүк капиталына мамлекеттин катышуусу (алсак, мисалы, MUL компаниясы (NCR кластеринде негизги ишкана) индиялык өкмөттүн жана Suzuki компаниясынын биргелешкен ишканасы болгон);

– мектептерди жана техникалык колледждерди түзүү;

– өндүрүштүк райондордо бизнести жүргүзүү процессин жеңилдетүү (Indore фармацевттик кластерде «тез лицензиялоо» саясаты) жана аны менен аймактардын инвестициялык жагымдуулугун жогорулатуу;

– аймактар арасында ыкчам маалымдоо жүргүзүлө турган инфраструктуранын өнүгүшү [5].

Кластеризациянын чет өлкөлүк тажрыйбасынын анализи көрсөткөндөй, өнүгүүнүн ушул сыяктуу стратегиялык линиясын тандоо, интеграциянын объективдүү тенденциясынын реалдуу ишке ашуусун чагылдырат. Кластердик стратегиянын негизин, ар кандай функцияларды аткарган, бирок бир технологиялык процесс менен бириктирилген ишканалардан түзүлгөн, кластерлердин уюшкандыгы түзөт. Инновациялык кластерлер негизинен өндүрүштүк жактан өнүккөн өлкөлөр: АКШ, Канада, Италия, Германия, Австрия ж.б. үчүн мүнөздүү. Бирок алар өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө: мисалы, Индия менен Бразилияда да пайда боло баштаган. Чет өлкөлүк кластердик бирикмелерди түзүүдө заманбап мотивдер төмөндөгүлөргө алып келет: аймактык экономиканын деңгээлин жогорулатуу каалоосуна; жогорку технологиялардын тармактык өнүгүшүнө; экономикалык

активдүүлүктүн жогорулашына; экспортту колдоого; жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого. Кластердик стратегияны түзгөн түзүмдөр, азыркы системаларды региондун маркетингин жүргүзүүгө, бизнестин ар кандай түрлөрүн өнүктүрүүгө, инвестицияларды тартуу боюнча шарттарды түзүүгө жаңы ыкмалар менен аралаштырууга умтулушат.

Чет өлкөлөрдөгү кластердик стратегиялардын натыйжаларын жыйынтыктоо менен, аларды колдонгон өлкөлөрдүн аймактару өнүгүшүнө чоң импульс берген деп айтууга болот. Каралган тажрыйба, жогорку технологиялардын заманбап өндүрүшү интеграциялар процесстеринде гана: горизонталдуу, регионалдуу, вертикалдуу - негизделе аларын далилдейт. Прогресс азыркы учурда бириндебеген ишканалар, алардын бирикмелери, топтору, кластерлери жана тармактары тарабынан түзүлөт. Бул тажрыйба, технологиялык борборлорго айландыруу объективдүү жана өтө зарылчылык катары көрүнгөн Казакстан үчүн өзгөчө актуалдуу [6].

Азыркы учурда Казакстандын экономикасы өндүрүштү уюштуруунун советтик модели түрүндө мураскерликке ээ – аймактык өндүрүштүк комплекстер. Бул модель рыноктук экономикага жана ааламдаштыруунун чакырыктарына ылайыкташтыруу үчүн модификацияга муктаж.

– Казакстан үчүн өндүрүштүк кластерлерди уюштуруунун индиялык модели көбүрөөк ылайыктуу. Бул моделге ылайык кластерлер ТЧИ аркылуу ири эл аралык компанияларды тартуунун эсебинен өнүгөт. ТЧИ алдыңкы технологияларды өздөштүрүү жана дүйнөлүк рынокко чыгуу үчүн зарыл.

– Финдик модель, экспорттук ыңгайлуу жайгашкан, Казакстандын аймактарунун бөлүктөрү үчүн гана актуалдуу. Башкалары үчүн, финдик модель инновациялык продуктуну түзүү үчүн илим жана билим берүү тутумунун потенциалын пайдалануу алкагында колдонууга ыңгайлуу.

– Япондук моделдин финдик модель менен көп жалпылыгы бар. Казакстан лидер-фирмалардын жана экономикалык процесстерди жеке-мамлекеттик жөнгө салуунун япон моделин ийгиликтүү пайдалана алат. Региондогу ар бир кластер, өнүгүүнүн негизги демилгечиси болуп саналган, ошондой эле тандалган стратегиянын эффективдүүлүгү үчүн жоопкерчиликти тарткан лидер-фирмага ээ болушу абдан маанилүү. Алсак, мисалы, «30 корпоративдик лидерлер» Программасын япон моделинин аналогиясы боюнча кластердик саясатты ишке ашыруу аракетинин бири деп атоого болот.

– Түндүк америкалык модель Казакстанда колдонуунун эң төмөнкү даражасына ээ, анткени, анын натыйжалуулугу рыноктук институттардын жана атаандаштыктын өнүгүү даражасынан көз каранды. Казакстандын экономикасынын кризистен кийинки мүнөздөмөсү бул шарттарды аткарууга мүмкүндүк бербейт.

Кластерди пайдалануу менен экономиканын өнүгүүсүнүн чет өлкөлүк тажрыйбасын карап чыгып, биздин көз карашыбызда, курулуш материалдарынын негизги түрлөрүн чет өлкөдө өндүрүү чөйрөсүндө кластердин өнүгүшүн анализдөө максатка ылайык деп эсептелет. Кароо үчүн көбүрөөк оптималдуу болуп, Кытайдын экономикасы саналат, анткени өзгөчө кыска мөөнөттө Кытай курулуш жаатында дүйнөлүк лидерге айлана алды. Кытайда курулуш материалдар тармагынын өнүгүшүнө көптөгөн факторлор түрткү берген: жетекчилик тараптан так саясий стратегиядан баштап, Пекинде олимпиада оюндарын өткөрүүгө чейин. Кытайда курулуш материалдар индустриясынын көп бөлүгү, чоң потенциалга ээ Азия рыногунун эсебинен кеңейүүдө. Андан кийин Европа өлкөлөрүнө, АКШга жана Океанияга экспорт. Кытайда өндүрүлгөн курулуш материалдарынын жогорку деңгээли, жогорку сапаттагы материалдардын импорту менен аныкталат. Бул сатып алуулар Европа, Түндүк Америка жана Чыгыш Азия өлкөлөрүндө жүргүзүлөт. Мындай өңүттө, Кытайдын курулуш материалдары бир нече жылдан бери катары менен дүйнөдөгү алдыңкы орундардын бирин ээлөөдө.

Кытайдан экспорттолгон курулуш материалдары, өзүнүн наркы боюнча көптөгөн сатып алуучуларды өзүнө тартат. Бул Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун бажы алымдарды азайтуунун эсебинен жүрүүдө. Кытайдын курулуш материалдарынын эң популярдуу тизмесинде башкылар болуп, цемент, сани-

тардык-курулуш керамикасы, металл эмес минералдар жана айнектер эсептелет. Ошондуктан, курулуш материалдар тармагы Кытайдын элдик чарбасынын негизги сектору болуп саналат деп ишенимдүү айтууга болот. Ошондой эле, Кытайдын өкмөтү курулуш индустриясын стимулдаштырууга олуттуу багыт алган. Азыркы учурда Кытай дүйнөнүн көп бөлүгүн курулуш материалдары менен камсыздоодо. Экспортко коюлган негизги материалдар - бул: керамикалык плитка, цемент, фанера, ламинат, терезелер жана алардын жабдыктары, шыптар үчүн панелдер, пол үчүн жабуу, арматура өндүрүшү, жылуулагычтар, жасалга материалдар, сантехника, фурнитура, керамогранит жана башкалар. Ошондой эле Кытайдын курулуш материалдары башка өлкөлөрдүн инвесторлору үчүн абдан жагымдуу, анткени Кытай курулуш материалдар менен ички керектөөлөрдү гана эмес, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүн да камсыздай алат [7].

